**Материалдык техникалык  базаны чыңдоо.**

Жыл ичинде мектепте болгон мектеп мебелдерин сактоо боюнча иш-чаралар дайыма жүргүзүлүп турду. Анын натыйжасында бардык мебелдер бүтүн сакталууда. Ар бир айдын аягында мектепте генералдык тазалоо жүргүзүлүп турууда.

Ар бир класс-кабинеттер эстетикалык жактан азыркы талапка ылайык жасалгаланып турат.

Жергиликтүү бюджеттин эсебинен  600 000 (алты жүз миң) сомго  мектепке көмүркана салынды.

Башталгыч класстарга ысык тамак уюштуруу үчүн ашкананы 800 000 (сегиз жүз миң)сомго толугу менен капиталдык ремонт жүргүзүлдү жана 30 000 (отуз миң)сомго ашканага керектүү идиш-аяктар  алынып берилип,  башталгыч класстардын окуучулары ысык тамак менен камсыз болушту.

Мерсико уюму тарабынан 350 000 (үч жүз элүү миң) мектептин ашканасына  тамак жасоо үчүн керектүү  электр жабдыктарын  алып беришти.

Мээнеткеч айылынын сүт алуучусу мектепке үч жыл ичинде 20 000 (жыйырма миң) сомдук компьютер, 10 000 (он миң) сомго спорттук инвентарларды, 15 000 (он беш миң) сомдук принтер алып берди.

«Окуу керемет» проектиси менен иш алып барып, мектепке 1 (бир) комплект компьютер,  1 (бир) планшет алынды.

Айыл өкмөтү 1 (бир) пректор, 1 (бир) ноутбук, 1 (бир) интарактивдүү доска алып берди.

АРИС проектиси мене ниш алып барып, мектептин ичине биринчи жана экинчи кабатка талапка ылайык   1 500 000 (бир млн беш жүз миң)сом дараткана салынды.

Мээнеткеч айылынын тургуну Жансейитов Кубан символикаларды, «Асан Жансейитов атанын бурчун»  24 000 (жыйырма төрт миң) сомго форекс-баннерге жазатып  берди.

Мектеп мугалимдери тарабынан  17 000  (он жети миң) сомго мугалимдер отуруучу бөлмө   салынды.

2022-2023- окуу жылына карата мектептин  окуу материалдык базасын чыңдоо үчүн  компьютерлердин санын көбөйтүү, жогорку ылдамдыктагы интернет булагын туташтыруу,  электрондук журнал менен иштөөнү күчөтүү,мугалимдердин компьютердик сабаттуулугун арттыруу, электрондук китепкана түзүү,    ата-энелер менен биргеликте ар бир класска видео көзөмөлдөрдү орнотуу, мектептин бакчасына жаңы көчөттөрдү отургузуу, мектептин короосуна суу киргизүү,  иш пландары айыл өкмөтү менен биргеликте ишке ашырууга пландаштырылып жатат.